УДК: 808.5

Расулова М.М., *ага окутуучу*
К.Карасаев атындагы БГУ

ДИАЛОГДУН ТАБИЯТЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

ВОПРОСЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ПРИРОДЫ ДИАЛОГА

Аннотация. *Макалада тил илиминде диалогду изилдөөнүн табияты, спецификасы, көркөм тексттеги диалогдун лингвистикалык көз караштан иликтениши берилди.*

Түйүндүү сөздөр: *диалог, сүйлөө ишмердүүлүгү, диалогдук кеп, реплика, диалогдук бирдик.*

Аннотация: *В статье рассматривается вопросы исследования, специфика диалога в языкознании, исследование диалога в художественном тексте с точки зрения лингвистики.*

Ключевые слова: *диалог, речевая деятельность, диалогическая речь, реплика, диалогическое единство.*

The article deals with the research questions, the specificity of the dialogue in linguistics, the study of dialogue in the literary text from the point of view of linguistics.

Key words: *Dialogue, speech activity, dialogical speech, a replica, dialogic unity.*

Адамдын сүйлөө ишмердүүлүгүнүн эң негизги жана эң маанилүүсү – диалог. Ошондуктан адамдар ортосундагы алака-мамилени тескөөдө биз диалогго өзгөчө көп көңүл бурарыбыз айкын иш. Адамдын кеби психолингвистиканын жана социалдык психологиянын теориялык жетишкендиктерин өзүнө камтыган өзгөчө ишмердүүлүктүн түрүн көрсөтөт. Андай көрүнүштүн негизинде илимдин башка чөйрөлөрү менен байланышын чагылдырган диалогдун теориясын иштеп чыгуу тил илиминдеги учурдун талабы. Коомдо анын мүчөлөрүнүн өз ара аракеттеринин көптөгөн түрлөрү байкалат. Мындай өз ара аракеттер бири-биринен баарлашуунун максаты жана шарттары менен айырмаланып, ага ылайык жалпы жана локалдык жактан пайдалануу да өзгөчөлөнөт. Анын натыйжасында тилдин коммуникативдик функциясы аныкталат да, ал ар түрдүү шарттарда, анын менен катар тил системасынын функционалдык-стилистикалык ар түрдүүлүгүндө ишке ашат. Коммуникативдик функциясы даана чагылдырылган жалпы элдик тилдин функционалдык-стилистикалык түркүмүнүн негизги формасы – диалогдук кеп.

Адамдын тиричиликтеги, эмгектеги, массалык-маалымат каражаттарындагы жана компьютер тармактарындагы жашоосу диалог менен тыгыз байланышкан. Диалог ал эпикалык болобу, же драмалык болобу көркөм чыгарманын текстинин белгилүү бир бөлүгүн да түзөт. Айрыкча драмалык чыгармада ал басымдуу роль ойнойт. Ошондой эле белгилей кетчү нерсе, диалог өз алдынча жанр катары философияда жана публицистикада да кеңири орун алып, буга мисал катары Платондун диалогдорун, Ч.Айтматов менен М.Шахановдун “Аскада калган аңчынын ыйы” диалог жанрындагы чыгармасын ж.б. алсак болот.

Диалогдун өзү конкреттүү жана спецификалык каражаттарда ишке ашат. Анда адамдын кеп ишмердүүлүгү, ошондой эле ар кандай тилдин жашоо формасы чагылдырылат.

Диалогду кеп баарлашуусунун формасы катары талдоодо изилдөөчүлөр алгач сүйлөшүүнүн б.а. диалогдук кептин ишке ашышынын натыйжасында пайда болгон кеп структурасына кайрылышат. Андан сырткары, диалогдун алкагында келип чыккан маселелерге тилдин коомдук функциясы да таасирин тийгизет. Диалогду изилдөөнүн бардык аспектилери бири-бири менен тыгыз байланышта, аны менен катар диалогдун түрдүү кубулуштары лингвистиканын дээрлик көпчүлүк чөйрөсүндө каралат.

Демек, диалог деген эмне? Диалогдун табияты кандай болушу керек?- деген сыяктуу суроолор азыркы учурда бири-бири менен тыгыз алакада болгон илимдердеги таанымал болуп калган эмгектердин да өзөгүн түзөт десек жаңылышпайбыз.

Диалог, биз жогоруда айткандай, бир катар илимдер (тил илими, адабият таануу, философия, психология) алкагында каралып, анын үстүндө иштеген көптөгөн изилдөөчүлөр бул маселенин тегерегинде өз ойлорун, бүтүмдөрүн, божомолдорун айтып кетишти.

Диалог, бардык изилдөөчүлөрдүн пикиринде, өзүнө тиешелүү белгилери менен өзгөчөлөнөт. Эң алгач, ортосунда кеп айтымдары өтүп жаткан экиден кем эмес маектешүүчү, ошондой эле диалогдо кеп кырдаалынын мүнөзү, сүйлөп жаткан тараптардын алмашып турушу, б.а. кептин мезгил-мезгили менен даректелиши, диалог жүрүшүндө тилдик кырдаалдын тез-тезден өзгөрүп турушу менен мүнөздөлөт. Диалогдо жест, мимика өңдүү тилдин вербалдык эмес каражаттары да мааниге ээ. Өз кезегинде Л.П.Якубинс-

кий эмгектеринде “Тил - адамдын жүрүм-турумунун бир көрүнүшү. Адамдын жүрүм-туруму анын организминин чагылдырылышы сыяктуу психологиялык факт, жана организмдердин бирге жашоодо өз ара аракеттешүү шарттарында көз каранды болгон социологиялык факт” деп белгилейт (Якубинский, 1986: 20). Демек, окумуштуулар алгачкы эмгектерди жаратууда ушундай өнүттө кепти адамдын ишмердүүлүгүнүн бир түрү катары кабылдашкан.

Диалог – тар маанисинде баарлашуунун формасы катары О.С.Ахманованын “Словарь лингвистических терминов” аттуу эмгегинде “одна из форм речи, при которой каждое высказывание прямо адресуется собеседнику и оказывается ограниченным непосредственной тематикой разговора” [1.132] деп берилет да, бул аныктама диалогдун кептин формасы катары уюшулушунун маанилүү жагын: адресаттын болушун, айтымдардын жалпы тематикасын баса белгилейт. Ошентсе да, муну менен терминдин мазмуну боюнча түшүнүк бүтүп калбайт. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып лингвистикалык сөздүктөр, энциклопедиялар диалогду дагы да кененирээк сүрөттөйт. Лингвистикалык энциклопедиялык сөздүктө (1990) диалог же диалогдук кеп “айтым – репликалардын алмашуусунан турган кептин формасы (тиби), анын тилдик курамына адресанттын кеп ишмердүүлүгүндө адресаттын ролун активдештирүүгө болгон аракеттен улам түздөн-түз таасири тиет. Диалогдук кеп үчүн репликалардын мазмундуу (суроо/жооп, макул болуу/каршы чыгуу) жана конструктивдүү байланышы мүнөздүү” [2.135].

Бул аныктама адресат менен адресанттын, репликалардын формалдуу жана мазмундуу бирдигин гана эмес, конститутивдик моментин – адресаттын таасири алдында адресанттын айтымынын тилдик курамынын түзүлүшүн камтыйт.

Диалог сөзү грекче dialogos деген сөздөн келип чыгат да, эки бөлүктөн турат: dia приставкасы “аркылуу (сквозь, через)” жана logos уңгусу “сөз, маани, кеп”. Терминдин биринчи бөлүгүн “өтмө кыймыл, өтүп кирүү, чектөө, бөлүштүрүү, өз ара түшүнүүчүлүк” деп туюнтууга болот. Демек, диалог – бөлүштүрүлгөн сөз, өз ара кеп деген маанини берет. Диалогдон айырмаланып монолог (грекче monos “жалгыз” жана logos) эч ким менен бөлүштүрүлбөгөн сөз деген маанини түшүндүрөт. Мындай түшүнүк диалогдун монологдон айырмасын шарттайт, анткени бир адам өзү менен же башка адам менен ичинен диалог жүргүзүшү мүмкүн. Ошондо гана бөлүштүрүлгөн сөз, маани, маңыз пайда болот. Диалогдун аркасында адам сүйлөйт жана ойлонот, бөлүштүрүлгөн сөз бириктирилет, адамдардын ар кандай тобунун алака-мамилеси бекемдейт.

Тарыхый жактан диалог адамдардын баарлашуу формасы катары монологдон мурда пайда болгон. Адамдардын ортосунда ымдоо-жаңсоо баарлашуусунун формасы алда-канча жетишсиз болуп, анын натыйжасында вербалдык баарлашуу муктаждыгы пайда болуп, алгач диалог адамдардын ортосундагы байланышты түзгөн. Адам өз табиятында башка адам, табият, реалдуу же виртуалдуу дүйнө менен баарлаша албай койбойт. Ал гана эмес монолог да маектешүүнүн кырдаалы менен түздөн-түз байланышта болбосо да, дайыма бир жагынан даректелген, бир жагынан мурдагы контекстке, конфликтке, кырдаалга реакция же реплика болуп түшөт. Ошондуктан монологду кээде токтоп калган диалог, б.а. диалогдон алынган айтым катары аташат.

Диалогду ар тараптан изилдөө орус лингвистикасында өткөн кылымдын 20-жылдардан башталып, ага Л.П.Якубинский, Л.В.Щерба, Е.Д.Поливанов, В.Н.Волошинов, В.В.Виноградов жана М.М. Бахтиндер андан ары изилденишине теориялык фундаментинин негизин салышкан [3.299]. Диалогго болгон чоң кызыгуу 40-жылдардын соңунда 50-жылдардын башында башталат. Андан бери диалогдун ар кыл маселелери орус жана чет тилдериндеги материалдардын негизинде интенсивдүү иштелип келе жатат.

Орус жана чет элдик тил илиминде диалогго арналган изилдөө материалынын көптүгү бул кубулуштун татаалдыгынан жана көп аспектиге ээ экендигинен кабар берет.

Диалог оозеки баарлашууда адамдарды байланыштыруучу каражат болсо, көркөм текстте кырдаалды уюштуруучу, кеп куруучу материал катары кызмат кылат. “Чыгармада диалогдун колдонулушу – кейипкерлердин табити, кыял-мүнөзү, пикир алышуу маданияты ж.б. бөлүнүп көрүнүп туруучу элемент. Диалог автордук баяндоодон кейипкерлерге өтүүдө, алар менен тааныштырууда, окуялар менен аралаштырууда маанилүү каражат болуп кызмат кылат. Эгерде драмалык чыгармаларда активдүү колдонулуучу ыкманы түзсө, прозалык чыгармаларда активдүү роль ойнобойт. Ал бар болгону образдар системасынын толукталуучу жагдайы катары гана кызмат аткарат” [4.158]. Албетте, окумуштуунун бул ою менен макул болуу менен катар, “прозалык чыгармаларда активдүү роль ойнобойт” деген пикирине толук кошула албайбыз. Айрым чыгармалардын башталышында кейипкердин образы автордук сүрөттөө менен ачылып берилбегени менен, анын башка бир каармандар менен диалогундагы кеп аркылуу гана анын жүзү даана тартылып, окурманга ал жөнүндө толук картина ачылат:

- Эй, бала! – деп мага кыжырлуу карады. – Билдик сенин окумуштуу экениңди. Үйдөн барып тавот салган шприц апкел!

Мен жүгүрүп барып апкелгеним солидол салган шприц экен.

- Эй, сен академик болбой куруп кал! – деди алиги киши канталаган көздөрүн мага тикенектей кадап. – Чала-моңол бизге лекция окуйсуң да, өзүң оозуң кайсы десе мурдуңу көрсөтөсүң. (Ч.Айтматов “Ботогөз булак”).

кыжырлуу сүйлөгөнү, балага карата *“эй”* деп кайрылганы, *“куруп кал”* өңдүү сырдык сөздү пайдалангандын өзү адамдын мүнөзүнөн кабар берет.

- Сабыр эт, Абакир! Кыйкыргандан пайда жок. Карачы, ансыз да өң-далеттен жок, байкуш бала. – Менин калтыраган колуман чаканы алып, Калийпа радиаторго суу куюп жатты. – Алынча тырбалаңдап жүрөт го. Карачы, үстү-башы сыгып алма тер...

- Тер болсо кантейин! – деп Абакир ого бетер заарланды. – Үйүндө китебин окуп отура бербейби!

- Койчу эми, - деп Калийпа аны жоошутуу менен алек. – Ачууң аябай чукул да. Анткениң болбойт, Абакир.

- Мындайлардын кылыгы менен боло берсең арам өлөсүң. Пландын аткарылганын сенден эмес, менден

сурайт. Менин түбүмө жеткен ушул макоо окумуштуу экени менен кимдин иши болот. (Ч.А.)

Репликаларда көрүнүп тургандай эле Абакирде жайынча мамиле кылуу, кичүүгө ызаат көрсөтүү, компромисске баруу сыяктуу адамдык сапат жок. Анын сүйлөгөнүндөгү интонациянын өзү эле агрессивдүү багытталган динамиканы алып жүрөт. Кейипкерлерге ортосунда далдалчы аракетин жасаган Калийпанын репликаларындагы *"ачууң аябай чукул"* сөз айкашы Абакирдин мүнөзүнүн бир көрүнүшү. Же болбосо, *"үйүндө китебин окуп отура бербейби!"* деп заарланганы өзүнүн тегерегиндегилердин кандайдыр бир дүйнө таанууга болгон умтулуусун түшүнгүсү келбегендиги ачык сүрөттөлөт. Албетте, кейипкерлердин диалогу менен катар автордук ремаркалардын берилиши алардын абалын, турумун дагы дааналайт.

Диалогдун өзүндө кейипкерлердин ички абалы, психологиялык абалы, айрым учурларда тубаса мүнөзүндөгү кай бир көрүнүштөрү да түрдүү тилдик каражаттар менен чагылдырылып, андагы жайынча, күчтүү, суроолуу интонация сүйлөшүүнүн темпин, динамикасын, ыргагын камсыздоо менен чыгарманын тынчтык абалдан кыймылдуу абалга өтүшүнө шарт түзөт же кырдаалды пайда кылат. Биз талдоого алган чыгармадагы Абакирдин одоно орой мүнөзүнөн улам жан дүйнөсү таза, баёо Кемелдин каршылыктарга туруктуулук бере башташы, акыйкат үчүн мушташса боло тургандыгы бүтүндөй чыгарманын тулкусунда берилген диалогдук бирдиктерден айкындалат. "Ошондуктан диалог көркөм адабий чыгарманы жаратуучунун бир абалдан экинчи абалга, тынчтыктан кыймыл-аракетке, же кыймылды кыймылга айландыруучу каражат катары колдонулат" [5.158].

Диалогдун орчундуу маселелери жогорудагылар менен гана чектелип калбайт. Диалогдун табиятынын өзү анын татаалдыгынан кабар берет. Диалогдун өлчөмү теориялык жактан чексиз, анын төмөнкү чеги ачык өңдөнүшү мүмкүн. Ошентсе да ар бир диалог башталышка жана аякталышка ээ. Диалогдун бирдиги анын маанисинде, темасында жана мазмунунда. Диалог – ой-жоруулардын айкашын мазмуну боюнча өз ара байланышкан логикалык чынжырын чагылдыруунун каражаты, анда эки сүйлөшүүчү тарап бир ойду пайда кылган кептик курулуш, экөөнүн ортосундагы бөлүштүрүлгөн теманын структурасы. Татаал бирдик катары каралган диалогдун спецификасы анын тематикалык бүтүндүгү, мазмундун мүнөздүү өнүгүшү, ойдун жүрүшү менен тыгыз байланыштуу.

Адабияттар

1. *Валюсинская З.В. Вопросы изучения диалога в работах советских лингвистов // Синтаксис текста. – М.: Наука,1979. –С. 299-314.*
2. *Өмүралиева С. Текст: Семантика, структура. – Б., 2002. 156-181-б.*
3. *Хисамова Г.Г. Социально-психологические типы языковых личностей в рассказах В.М.Шукшина // Филологические науки. – 2008. -№4. - С.100-110.*
4. *Айтматов Ч.Т.Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 1-том. – Б.:Учкун, 2009. 5-404-б.*